23.01.23 Бекитилди

**Класстык саат**

**Темасы: «Толеранттуулук деген эмне?»**

**Максаттары:**

1. “Толеранттуулук” термининин мазмуну менен тааныштыруу.
2. Окуучуларды өзүнө жана айланадагыларга туура мамиле жасоого, кечиримдүү болууга тарбиялоо.
3. Өз оюн айта билүүгө жана башкалардын оюн сыйлоого чакыруу.
4. Түрдүү кырдаалдарды чыр-чатаксыз чечүүнүн зарылдыгын окуучуларга түшүндүрүү.

**Жабдылышы:** мультимедиялык каражаттар, таркатма материалдар (мүнөздөмөлөр жазылган карточкалар), портрет 2 копия, плакат, ромашкалар.

**Формасы:** Тренинг элементи менен лекция.

**Класстык сааттын жүрүшү**

*Розанын тикени бар экен деп*
*кайгыргандан көрө,*
*тикендин гүлү бар экен деп*
*кубанышыбыз керек. (Гете)*

**1. «Толеранттуулук» термини менен тааныштыруу**

Класс жетекчи: Толеранттуулук – (лат. tolerantia – чыдоо) – бул бир нерсеге же кимдир бирөөгө чыдамдуу болуу жөндөмү.

Толеранттуулук терминине аныктама берүү кыйынчылык туудурат, себеби бул сөз ар кайсы тилде түрдүү түшүнүктөргө ээ.

Толеранттуулук- англис тилинде чыдамкай, кичипейил болуу.

Толеранттуулук- кытай тилинде башкаларга карата айкөл болуу.

Толеранттуулук- араб тилинде кечиримдүү, жумшак, ак көңүл, боорукер, чыдамкай болуу.

“Толеранттуулук” түшүнүгү кадимки кыргыз баласы үчүн көндүм эмес, биз үчүн “айкөлдүк” деген сөз жүрөгүбүзгө, түшүнүгүбүзгө да жакын.

Биз бардыгыбыз коомдо жашайбыз. Биздин айланабызда миңдеген адамдар бар. Ар күнү биз бейтааныш адамдар менен жолугабыз.

Ар бир адам уникалдуу, бири-бирине абсолюттуу окшош адамдар жок.

Ар бирибиздин өз алдынча кызыкчылыгыбыз, каалоолорубуз, максаттарыбыз бар жана ар бирибиз башкача ойлонобуз, башкача кийинебиз, башкача сүйлөшөбүз. Демек, ар бир адам кайталангыз мүнөзгө ээ.

Толеранттуулук – бул бирөөнүн ойлогон ой-пикирине, тутунган динине, улутуна, кылган ишине, мүнөзүнө, кетирген каталарына, кемчилигине ачууланбоо, өзүн токтоо кармоо жана ага түшүнүү менен мамиле жасоо.

Толеранттуу адам башкалардын ой-пикирин сыйлап, жеке өзүнүн гана түшүнүгүн таңуулоодон алыс болот.

Толеранттуулук жолу- бул өзүн жакшы билген, чөйрөдө эркин сезе алган, башкаларды түшүнгөн жана жардам берүүгө ар дайым даяр турган, башка маданиятты, көз караштты, салттарды сыйлай билген адамдын жолу.

Дүйнө көп түрдүүлүгү, көп кырдуулугу менен кызык эмеспи. Муну адамдардын баары эле түшүнө бербейт. Толеранттуулуктун өнүгүшүнө

диний экстремизм, сөз эркиндигин кысымга алуу, аз элдүү улуттарды дискриминациялоо, адам укуктарын бузуу тоскоолдук болууда. Ошого карабастан толеранттуу коомду түзүүгө көпчүлүк мамлекеттер далалат жасап жатышат. Буга мисал катары 1995-жылдын 16-ноябрында ЮНЕСКО тарабынан "Толеранттуулуктун принциптери декларациясын" кабыл алуу кадамын айтсак болот. Анын алкагында көптөгөн конференциялар, тегерек столдор жана иш чаралар өткөрүлдү жана 16-ноябрь - Эл аралык толеранттуулук күнү деп жарыяланды.

**2. Оюн-эксперимент.**

Класс жетекчи: Балдар, бул экспериментке катышуу үчүн 2 топко бөлүнөбүз. (Топторго портреттер берилет) Бул адамдын жеке мүнөзүн түзүү керек. (Портреттер – окшош 2 копия, бирок окуучулар билишпейт. Биринчи топко бул адам боорукер адам, экинчи топко бул каардуу адам деп тааныштырат). Сүрөттөөгө адамды мүнөздөө үчүн жазылган карточкалар жардам берет.

Сапаттар: Чыдамкай, таш боор, чатак, кечиримдүү, тез ачууланган, бир нерсени чогуу иштөөгө аракеттенген, калпычы, эрегишкен, кыйкымчыл, башкаларды сыйлаган, башка адамды кандай болсо ошондой кабыл ала алган, көрө албас ж.б.

Окуучулар топто иштеп, кезеги менен мүнөздөмө беришет.

*Рефлексия:* Толеранттуу деп кандай адамды айтса болот?

Мүнөздөмө жазган карточкалар жеке адамды сүрөттөөгө жардам бере алдыбы?

Рефлексиядан кийин балдар портреттерди бири-бирине көрсөтүшөт жана жыйынтык чыгарышат.

**3. Практикалык көнүгүү "Толеранттуу баарлашуунун эрежелери"**

Класс жетекчи: Адамдар арасында толеранттуулук болуш үчүн биринчи кезекте толеранттуулуктун эрежелерин билүүбүз керек. 1-топ угуучу, 2-топ сүйлөп жаткан адамдардын эрежелерин санайбыз. Окуучулар өздөрү эрежелерди түзүшөт, слайд менен жыйынтыкталат.

*Рефлексия:* көйгөйлүү кырдаалдагы баарлашууну талкуулоо.

**4. Көнүгүү «Биз эмнебиз менен окшошпуз?»**

Максаты: топтордо эркин, жылуу жагдайды түзүү.

Алып баруучунун айтканын угабыз:

1. Чачынын өңү окшоштор бириккиле.
2. Көз айнек тагынгандар бириккиле.
3. Карындашы, сиңдиси барлар бириккиле.
4. Агасы, иниси барлар бириккиле.
5. Ысымы бирдей тамгадан башталгандар бириккиле.
6. Чоң ата, чоң энеси барлар бириккиле.
7. 7-класста окугандар бириккиле.

*Рефлексия:* оюнду талкуулоо.

**5. Чыгармачыл иш "Толеранттуулук талаасы"**

Окуучулар бири-бирине толеранттуу мамиледе болуу үчүн эмне кылуу керек экендигин атайы таратылган кагаздан жасалган ромашкаларга жазышат жана талаанын сүрөтү бар плакатка чапташат.

Класс жетекчи: Биздин талааны карагылачы! Азыр эле гүлү жок кунарсыз талаа биздин таза каалоолорубуз менен жанданып, көркүнө чыкты.

*Рефлексия:* Толеранттуу инсанга кандай сапаттар мүнөздүү? Толеранттуу коом эмнеси менен күчтүү? Башка бир адамдын ордуна өзүңдү коюп, ал туш болгон кырдаалды түшүнүү кыйынга турабы?

**6. Класстык саатты жыйынтыктоо.**

Класс жетекчи: Биз өзүбүздүн оюбузда мунуку туура эмес, тигиники ката деп, ар кимдин кемчилигин издей берсек, эч качан бир пикирге келбейбиз. Ар бир адамда кемчилик болот. Ар бир адам ката да кетириши мүмкүн. Бирок биз өзүбүз ката кетирбегенсип, башкалардын кемчилигин талкуулаганыбыз туура эмес.

Жашоодо бири-бирибизге толеранттуу болуу өтө керек. Түрдүү көз караш сөзсүз болот. Аны коомдун кемчилиги катары көрбөстөн кайра артыкчылык экенин билишибиз керек. Себеби, түрдүү ой-пикир болгон жерде сүйлөшүү, ой-пикир бөлүшүү, маектешүү болот, жыйынтыгында жаңы пикирлер, идеялар жаралат. Демек, биздин ой-пикирибизди бөлүшпөсө да, адамдарга толеранттуу болушубуз зарыл.

Биздин максатыбыз адамдардын көңүлүн түртүү эмес, айланадагыларды өзүбүзгө тартуу менен толеранттуу коомду түзүү!

М. Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

# Тема:

# Билимдүүгө дүйнө жарык

## 3 – а класс

**Мугалим: Солтобаева. Н. М.**

2.12.2022. Бекитилди

**Сабактын максаты**: Окуучулар билимдин кадыр – баркын сезип, терең билим алуу аркылуу көптөгөн жакшы ийгиликтерге жетишүүгө, түрдүү өнөрлөргө ээ болууга мүмкүн экендигин түшүнүшөт.

Татыктуу билим алуу мененАта Мекенибизге кызмат кылган, эли – журттун керегине жараган инсандардан болууга тарбиялоо.

Биримдикке, ынтымактуулукка, эмгекчилдикке ж. б. асыл сапаттарга тарбиялоо.

Айткым келди, о акылман сөз жайы, -

Окуу, билим пайдасынан баштайын.

Окуу - түндө алдыңдагы  шам чырак,

Билим алсаң маңдай ачык жаркырап.

Окуу билим көп нерсеге жеткирет,

Бул экөөнөн урмат – сыйды көп көрөт.

Сокур дешет билимсизди -  жөн дебе,

Окуу гана жарык чачат дүйнөгө.

## Табышмак айтылат

Отуруп алып ичин ачам,
Баатырларча аралашам,
Аябаган кызыкка батам,
Аягына жеткенче шашам.   (Китеп)

Макалдар:

1. Айдабай аштык чыкпайт, үйрөнбөй билим жукпайт.
2. Адамдагы эң сонун нерсе — акыл менен билим.
3. Акыл — деңизден терең, билим — тоодон бийик.
4. Акыл — тозбогон тон, билим — түгөнбөгөн кенч.
5. Акыл азбайт, билим тозбойт.
6. Акыл менен билим эр адамдын сөөлөтү.
7. Акылдуунун иши дагы акылдуу, билимсиз жан баалай албайт акылды.
8. Акылдын өбөгү билим, жөлөгү тажрыйба.
9. Акылы бар билимди самайт, акылы жок кийимди самайт.
10. Байлыктын баарысы жакшы, барктуусу билим.
11. Бийикке чыксаң көзүң ачылат, билимдүүгө жолуксаң көңүлүң ачылат.
12. Билбегенди бил, билимдүү —пир.
13. Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат.
14. «Билем —билем» дей бербе, билгендерди көргөндө.
15. Билек жирей албаганды — билим жирейт.
16. Билим — адамдын канаты.
17. Билим — деңиз, акыл — кайык.

18. Билим — жанып турган чырак.

19. Билим — жашоо чырагы.

20. Билим — мейман, акыл — ээ.

21. Билим — оошот, ырыс — жугушат.

22. Билим — элге, суу — жерге.

23. Билим алууну бешиктен башта.

24. Билим болбой, илим болбойт.

25. Билим издеген өсөөр, бүлүк издеген өчөөр.

26. Билим көптүк кылбайт, өнөр аздык кылбайт.

27. Билимден өткөн досуң жок, оорудан өткөн касың жок.

28. Билимди сатып албайт, аны казып алат.

29. Билимди элден изде, алтынды жерден изде.

30. Билимдин кени китепте.

31. Билимдин күчтүүсү — адамдык.

32. Билимдүү баарына түшүнөт, билимсиз өз ишине күтүлөт.

33. Билимдүү билимин берет, акылдуу акылын берет.

34. Билимдүү болсоң озорсуң, билимсиз болсоң осолсуң.

35. Билимдүү зор, билими жок кор.

36. Билимдүү өлсө кагазда каты калат, уста өлсө балтасы менен чоту калат.

37. Билимдүү көп, билген аз, күйүмдүү көп, күйгөн аз.

38. Билимдүү мээге салат, билимсиз мээден алат.

39. Билимдүүгө дүйнө жарык.

40. Билимдүүдө бедер бар, билимсизде нелер бар.

41. Билимдүүдөн акыл сура.

42. Билимдүүнүн белгиси, билгенин келет бергиси, акылдуунун белгиси, акылын келет бергиси.

43. Билимдүүнүн билими жугат, билимсиздин кири жугат.

44. Билимдүүнүн түнү — күн, билимсиздин күнү — түн.

45. Билимиңди элге бере албасаң бекерсиң.

46. Билимсиз бирди көрсө, билимдүү миңди көрөт.

47. Дүйнөнүн шамы — билим, жашоонун шамы — эмгек.

48. Жакшылык болсо билип ал, жаш куракта билим ал.

49. Жер — ырыстын киндиги, билим — ырыстын тизгини.

50. Жердин көркү — эгин, эрдин көркү — билим.

51. Жылдыздын көбү — асмандын көркү, билимдин көбү — акылдын көркү.

52. Билим алуу — ийне менен кудук казгандай.

53. Билим — окуу булагы, өнөр — турмуш чырагы.

54. Илим — элдин көркү, токой — жердин көркү.

55. Илим өнөрсүз болбойт, куш канатсыз болбойт.

**Билим жөнүндө учкул сөздөр:**

1) Көп окусаң, алысты көрөсүң.

2) Адам өз кемчилигин өзү оңдобосо, турмуш аны кайра – кайра жазалайт. Билимдүү адам гана өз кемчилигин бат таба алат.

3) Билимдүүлүк көп окуганда эмес, колдоно билгенде.

4) Билим менен куралданган адам – жеңилбес баатыр. (М. Горький)

5) Келбетин сулуулаган адам эмес, Билимин бекемдеген адам – эң сулуу. (Стендаль)

6) Билим өмүрдүн ыраакы жана караңгы жолунда адамга нур тартуулаган, жомоктогудай шам чырактын булагы.

7) Дилиң таза ак ниет болсоң, ал акыры барып кемибес кенч, түгөнбөс дөөлөт, соолбос казынага айланат.

8) Китеп – улуу ойлордун жана акылдын жыйындысы.

9) Билимге кеткен убакыт, эч качан текке кетпейт.

10) Акылды акчага сатып алууга болот деп ойлогондор чыныгы наадан, акмактар.

11) Билим – адам баласына жарык берүүчү түбөлүктүү, жалгыз шам чырак.

12) Билим менен сугарылган адам – эч качан туңгуюкка кептелбейт.

13) Мугалим болот мөмөлүү дарак,
Мугалимдин тарыхы бар чексиз барак.
Талыкпастан окуучуга билим берип,
Эң алгачкы мугалим сабат ачат.

14) Ар бир бала- адамзат коомунун кичинекей бир өкүлү.
А мугалим – коомдун калыптанышына багыт берүүчү улуу күч.

15) Мугалим – бардык кесиптин ээсине бирдей тарбия бере алат.
А бирок баары мугалим сыяктуу тарбиялай албайт.

16) Мугалим – укканга санат, учканга – канат.

17) Мугалим – өнөр ээси үлгү берээр,
Мугалим эрктүү адам, баарын жеңээр.
Шакиртин кыйын таптап өзүнөн да,
Адамдык сапаты артык жоомарт, чебер.

Бий: Кыздардын аткаруусунда; «Көчмөндөр бийи»

**Акыл ордо**

**Логикалык сурооло**

Дуйнодо баардык нерсенин аты бар,бирок бир эле нерсенин аты жок? (Манжа,аты жок)

2 .Атка шоколад берсен жейби? (Берсен жейт)

3. Асман менен жердин ортосунда эмне бар? (менен)
4. Асанда бар Усондо жок, Асманда бар жерде жок? (ой)
5. Мергенчи сагызган атса карга тушту эмнеге? (кыш мезгили кар устуно тушот)

6. Эртен бул кунду эмне дейбиз? (кечээ)

7. 100 жыл эмне деп аталат? (кылым)

8. Асманда эмне жок? (тирооч)

9. Он эки айдан кийин эмне келет? (жаны жыл)

10. Ундан майда, таштан катуу? (Цемент)

11. Ысык-Колдун ортосунда эмне бар? (тире)

12. Дуйнодо канча тамга бар? (беш)

13. Ссуда кандай таш болбойт? (кургак)

14. Эки торолот бир олот? (жумуртка)

15. Мутьфилим деги чачы узун кыз? (рапунсел)

16. Кыз тамак жасап жатат казанга эмне салат? (коз)

17. Жыланда эмне жок? (бут)

18. Чайга шекер салганда эмне менен аралаштырасын? (кол)

19. Тазда эмне жок? (чач)

20. Алысты жакын кылган? (кыз)

21. Оюндан эмне чыгат? (от)

22. Жармадан ачытып жасайт? (максым)

23. Эн биринчи ачып окуган китеп? (алиппе)

24. Балдар суйуп корот? (мутьфилим)

25. Дуйнодо эмне кулук? (ой)

# Математика

1.Торт тарабы бирдей болгон фигура? -Квадрат

2.Кошуунун касиеттери? -Топтоштуру ,орун алмаштыруу

3. Тогузду тоголотсо эмне болот? -6

4. Даракта 4 алма бар,2 алманы алып койсо канча калат? -даракта алма болбойт.

5. Эки 5тин суммасы канча? -10

6. Эн чон 3 орундуу сан? -999

7. Радиус кандай тамга менен белгиленет? -r

8. Кыргыздар кайсы санды ыйык тутат? -7

9. Каалагандай санды 0го кобойтсо кайсы сан келип чыгат? -0 озу чыгат

10. 8ди 2ге болсо канча болот? -0 болот

11. Аянтты кайсы тамга менен белгилейбиз? -S

12. 1 кг таш оорбу,1 кг пахта оорбу? -барабар

13. 1 жумуртка 5 минутада бышат,ал эми 7 жумуртка канча минутада бышат?

-5

14. Тоок 1 буттап турса 3кг,2 буттап турганда канча кг болот? -3кг

15. Бир жарым саат канча минута болот? -90 минута

16. Так сандар экиге болунобу? -болунбойт

17. Жети орундуу сандар эмне деп аталат? - миллиондук

18. 3 бурчтуктун канча чокусу бар? -3

19. 1 минутада канча секунда бар? -60

20. Математикада канча амал бар? -4

**Жыйынтыктоо**: Балдар, силер билимдүү- илимдүү, маданияттуу, өнөрлүү жаштардан болсоңор, өлкөбүздүн келечеги кең болот. Илим – билимдүү жаштар мамлекеттин экономикасын көтөрүүгө, айыл чарба, өнөр жайын өнүктүрүүгө, өзүлөрүнөн кийинки муунда, үчүн ар тараптан эң мыкты шарттарды түзүүгө кам көрүшөт. Ошондуктан ар бир окуучу алтынга тете убактысын текке кетирбей, өз убагында көптү окуп, көптү билүүгө аракеттениши керек. Ошондой эле билимди максаттуу алып, аны өз турмушунда практикада колдонуп, өзүнө да, элге да, мекенге да пайдасын тийгизүү зарыл экендигин унутпашы керек.

**Ыр дуэт: Айжамал, Аруузат**

**Калыстарга сөз берилет.**